КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН 2020-ЖЫЛГА КАРАТА

ЖЫЛДЫК ДОКЛАДЫ

Бишкек – 2021

Ушул доклад 2021-жылдын 21-январында болуп өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ишинин жыйынтыктарын чыгаруу боюнча жылдык чогулушунда көрсөтүлгөн жана жактырылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2020-жылга карата Жылдык доклады кыргыз жана орус тилдеринде басылып чыккан, ал эми электрондук версиясы www.constsot.kg расмий сайтында жайгаштырылган.

Басылма «Кыргыз Республикасында укук үстөмдүгү - 2-чи фаза» Программасынын колдоосу менен жарыяланды. Программа Европа Биримдиги тарабынан каржыланып, Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH (Эл аралык Кызматташтык боюнча Германия Коому) тарабынан ишке ашырылууда.

Ушул жарыялоодо билдирилген ойлор милдеттүү түрдө Европа Биримдигинин, GIZ, алардын программаларынын/долбоорлорунун же өкмөттөрүнүн көз караштарын чагылдырбайт. Колдонулган белгилөөлөр кайсы бир өлкөнүн укуктук статусунун, аймагын же районун, же алардын чек араларын, кандайдыр бир ойду чагылдырууну түшүндүрбөйт.

Программа Европа биримдиги тарабынан каржыланат

german cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Даярдоочу:
giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

Rule of Law
«Кыргыз Республикасында укук үстөмдүгү – 2-чи фаза» Программасы

МАЗМУНУ:

Кириш сөз……4

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кура-мы……5

Конституциялык палатанын 2020-жылдын ичинде кабыл алган чечимдеринин аткарылуу-сунун анализинин жыйынтыктары боюнча конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жөнүндө маалымат……7

- Конституциялык палатанын 2020-жылда кабыл алган чечимдеринин сереби……7
- Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун сереби……21

Сот адилеттигин ишке ашыруу сапатын жогорулатууну камсыз кылуу……22

- Кайрылуулардын статистикасы……23
- Кайрылуулардын мазмуну……25
- Кайрылууларды кароонун жыйынтыктары……24
- Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун себептери……27
- Эл аралык кызматташтык……28
- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы эл аралык уюмдардын мүчөсү катары…… 33

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатанын ишинин ачыктыгы жана айкындуулугу……34

- Жарчы……34
- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын расмий сайты……34
- Конституциялык палатанын Маалымат порталы……36

Коомчулук менен байланыш……36

Конституциялык палатанын дараметин күчөтүү
Конституциялык палатанын корреспонденциясы……37

КИРИШ СӨЗ

Азыркы учурдун шартына жараша, өлкөдөгү конституциялык мыйзамдуулукту чыңдоо жана Кыргызстандын демократиялык жана укуктук мамлекет катары мындан ары өнүгүүсү үчүн зарыл болгон бардык кепилдиктерди өзүнө камтыган мамлекеттин баш мыйзамы катары Конституциянын үстөмдүгү конституциялык контролдун соттук органынын болуусун талап кылат.

Ошентип, укуктук мамлекеттин негизги принцибин – Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылууда маанилүү роль Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына берилген.

Конституциялык палата демократиянын дуулдап өнүгүп жана коомдун реформаланып жаткан шартында социалдык туруктуулукту камсыз кылууга көмөктөшүү менен өлкөнүн мамлекеттик органдар тутумунун өзгөчө түзүмдүк элементи болуп эсептелет, ошондой эле конституциялык мыйзамдуулук жаатында болгон көйгөйлөрдү чечет, анткени анын компетенциясынын маанилү түзүүчүсү болуп, мамлекеттик бийлик органдары чыгарган ченемдик-укуктук актылардын Конституцияга ылайык келүүсүн текшерүү боюнча ыйгарым укугу эсептелет.

Конституциялык палатанын ишмердүүлүгү башталгандан бери 2020-жылга чейин 108 чечим кабыл алынган, бул статистикага жараша, аталган орган Конституцияны коргоонун натыйжалуу механизми болуп туруп, мамлекеттин мыйзам чыгаруу процессинин укуктук негизи болуп саналган Баш мыйзамдын бирдей түшүнүлүшү жана кабыл алынышына аракет кылаарын жана экономикалык, социалдык, саясий контекстте да Конституциянын негиз салуучу идеяларынын сактоону камсыз кылууга көмөк кылаарын белгилеп кетүү керек.

Конституциялык палата, өлкөдөгү салыштырмалуу жаш конституциялык контролдоо институту болгонуна карабастан, бүгүнкү күндөгү анын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылуудагы, мамлекеттин демократиялык башталыштарын жана укуктук негиздерин чыңдоодогу, ошондой эле Кыргыз Республикасында конституциялык мыйзамдуулукту бекемдөөдөгү биринчи кезектеги максаттарга жеткенин күбөлөндүрүп турат.

КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАНЫН КУРАМЫ

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык Конституциялык палата он бир судьядан турат.

Азыркы учурда Конституциялык палатада 8 судья иштейт, 3 орун бош.

Конституцияга жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык 2019-жылдын июнь айында төрага, төраганын орун басары жана судья-катчы жаңыдан шайланышкан.

Учурдагы курам:

Төрага	**Дуйшеев Карыбек Арстанбекович**
Төраганын орун басары	**Осконбаев Эмиль Жолдошевич**
Судья-катчы	**Саалаев Жедигер Ибраимович**
Судьялар:	**Бобукеева Меергул Рыскулбековна**
	Жумабаев Латип Пазылович
	Касымалиев Мукамбет Шадыканович
	Кыдырбаев Кырккелди Джумалиевич
	Шаршеналиев Жамил Асанбекович

Төрага
Дүйшеев Карыбек Арстанбекович

Төраганын орун басары
Осконбаев Эмиль Жолдошевич

Судья-катчы
Саалаев Жедигер Ибраимович

Бобукеева Меергул Рыскулбековна

Жумабаев Латип Пазылович

Касымалиев Мукамбет Шадыканович

Кыдырбаев Кырккелди Джумалиевич

Шаршеналиев Жамил Асанбекович

КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТА ТАРАБЫНАН 2018-ЖЫЛЫ КАБЫЛ АЛЫНГАН ЧЕЧИМДЕРДИН АТКАРЫЛУУСУНУН АНАЛИЗИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМДУУЛУКТУН АБАЛЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

Конституциялык палата тарабынан 2020-жылы кабыл алынган чечимдердин сереби

2020-жылы Конституциялык палатага 66 кайрылуу келип түшкөн. Конституциялык палатага келип түшкөн кайрылуулар жана даттануулар боюнча 6 токтом жана11 чечим кабыл алынган, алардын ичинен:

- ченемдик-укуктук актыларды Конституцияга карама-каршы келбейт деп таануу жөнүндө 4 чечим;
- талашылып жаткан ченемдик-укуктук актыларды Конституцияга толугу менен же жарым-жартылай карама-каршы келет деп таануу жөнүндө 7 чечим.

1 Диаграмма.



1. Конституциялык палата 2020-жылдын 11-мартында «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китептерин ижарага берүүнү этап менен киргизүү» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16-октябрындагы № 671 токтомунун конституциялуулугуна баа берген.

Конституциялык палата өзүнүн чечиминде мамлекеттин мүнөздүү белгилеринин бири болуп, ал тарыхый өнүгүүсүнүн кайсы бир этабында экономикалык мүмкүнчүлүктөрдөн ыктыярдуулугу жана көз карандыгы саналат. Мамлекеттин экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн өсүшүнө карай милдеттердин көрсөтүлгөн көлөмү көбөйүшү мүмкүн жана өзүнө билим берүү процессин гана эмес, окуучуларды ташуу, аларды тамак-аш менен камсыз кылуу, бир калыптагы кийимди акысыз негизде берүү жана башкаларды камтыйт.

Бирок, мамлекет тарабынан көрсөтүлүүчү бакубаттуулуктун деңгээли ар кимдин негизги жалпы билимди акысыз алууга укугун камсыз кылуу жөнүндө конституциялык талапты иш жүзүндө жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон минималдуу көлөмдөн төмөн боло албайт.

Мында, жогорку технологиялар өнүгүп жана адамдын турмуш тиричилигинин көптөгөн чөй-

рөлөрү санариптештирилип турган шарттарда, окуу материалдарынын жалпыга жеткиликтүүлүгүн башка жолдор менен камсыз кылуу мүмкүн болуп турган маалда, мамлекеттен кагазга басылган окуу материалдарды - китептерди акысыз негизде берүү боюнча милдеттенмесин аткарууну талап кылуу, арызданууучу шилтеме жасап жаткан конституциялык орнотмолорго ылайык келет деп эсептөө болбойт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каралып жаткан токтому «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 45-беренесинин 2-бөлүгүн жүзөгө ашырууда кабыл алынган, ага ылайык «Жалпы билим берүүчү уюмдарда окуу китептерин ижаралоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.» деп белгиленген.

Башка сөз менен айтканда, жалпы билим берүү мекемелеринде китептерди ижаралоо мыйзамда караштырылган, ал эми талашылып жаткан токтом көрсөтүлгөн мыйзамдын жөнгө салуу предметинен тышкары чыккан жаңы жоболорду камтыбайт.

Демек, каралып жаткан токтом Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2,3-бөлүктөрү, 5-бөлүгүнүн 9-пункту менен каралган адамдын жана жарандын укуктарына, эркиндиктерине чектөөлөрдү киргизүү жагында эрежелердин сакталышын сынга алып, конституциялык-укуктук баа берилиши мүмкүн эмес.

Талашылып жаткан токтом кемсинтүүчү мүнөздөгү жоболорду да камтыган жери жок. Талашылып жаткан акт менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринде китептерди ижаралоо Тартибинин 4-главасында социалдык колдоого муктаж үй-бүлөлөрдүн окуучуларына (үй-бүлөлөргө) окуу китептери бекер же жеңилдетилген шарттарда берилет деп караштырылган. Бул балдардын (үй-бүлөлөрдүн) категориясы жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык жана эл аралык жоболордон келип чыкканда, мамлекеттин өзгөчө коргоосунда турган социалдык топтордун катарына кирет.

Ошону менен, позитивдүү дискриминацияны колдонуу жолу менен, кайсы бир белгилери боюнча өтө алсыз адамдардын категориясына жогорулатылган кепилдиктерди берүү жолу менен коомдо аныгз тең укуктуулук орнотулган. Тең укуктуулуктун жана кемсинтпөөнүн принциптеринин бузулушу деп эч нерсеге туура келбеген артыкчылыктарды орнотулушу саналат, ал эми бул караалып жаткан учурда мындай жагдай жок.

Ошентип, талашылып жаткан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому билим алууга, негизги жалпы жана орто жалпы билимди акысыз алууга, тең укуктуулук менен кемсинтпөөчүлүк, баланын мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылууга укуктарды бузбайт, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектебейт, демек, Кыргыз Республикасынын Конституциясына да карама-каршы келбейт.

2. Конституциялык палата 2020-жылдын 18-мартында «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 7-бөлүгүнүн экинчи абзацын текшерүү жөнүндө ишти карап чыккан жана талашылып жаткан ченемди Конституцияга карама-каршы келбейт деп тапкан.

Талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы тарабынан судьяларга карата алдын ала эскертүү, эскертүү, сөгүш берүү түрүндөгү тартип жазаларын салуу жөнүндө чечимдери даттанууну жокко чыгарат, ал арызданууучунун пикири боюнча кодуланбоонун конституциялык принцибинин, ошондой эле ар кимдин соттук коргонууга укугунун бузулушуна алып келет дейт.

Конституцияга ылайык Кыргыз Республикасынын бардык сотторунун судьялары жүрүм-туруму кынтыксыз болуп турганда кызмат орундарын ээлеп турат жана өз ыйгарым укуктарын сактап калат.

Кынтыксыздык талаптарын бузуу деп судьянын бийик наамы менен коошпогон, жосундардын олуттуу же болбосо системалуу жасалышы түшүнүлөт.

Албетте, судьянын тартиптик жосуну сот тутумунун кадыр-баркына орду толгус залакасын тийгизип, ага болгон бүтүндөй ишенимге шек келтирет. Судьялардын тартип жоопкерчилиги институтунун максаты болуп, сот системасынын натыйжалуулугунун коомго зарыл болгон деңгээлин сактоо

кызыкчылыгында маселелерди чечүү саналат. Коомдо пайда болуучу конфликттерди чечүүнү камсыз кылуучу жана укук үстөмдүгүн жана мыйзамдуулукту кепилдеген институт катары сот бийлигинин вазыйпасына жана өзгөчө табиятына карай, судьянын персонасына, анын жүрүм-турумуна, ошондой эле кесиптик милдеттерди аткаруудагы жогорулатылган талаптар акталган болуп саналат жана сот адилеттиги чөйрөсүндөгү Конституция жана эл аралык стандарттар менен макулдашылат.

Ушуга байланыштуу, ээлеген кызмат ордунан бошотууга байланышпаган тартип жазаларды салуу жана судьяны тартип жоопкерчилигине тартуу мүмкүнчүлүгүн орнотуу судьянын өзүнүн жүрүм-турумуна жана өзүнүн кесиптик милдеттерди аткаруусуна жогорулатылган жоопкерчиликти камсыздоо үчүн керектүү инструмент болуп саналат.

Ошону менен бирге, судьяны тартип жоопкерчилигинин процедурасы судьянын конституциялык-укуктук статусу менен шартталган өзгөчө спецификага ээ болушу керек жана судьянын көз карандысыздыгы менен анын коом алдындагы жоопкерчилиги ортосундагы балансты камсыз кылууга тийиш.

Ар бир судьянын анын контролсуздугун жана жоопкерчиликсиздигин билдирбеген көз карандысыздык принцибин камсыздаган негизги инструментарий болуп судьянын алмашылгыстыгы жана кол тийбестиги саналат. Бул касиеттер жеке артыкчылыктар катары каралышы мүмкүн эмес, анткени ал коомдук кызыкчылыктарды, баарыдан мурда сот адилеттигинин кызыкчылыктарын коргоо каражаты катары каралат. Коомдогу кандай гана болбосун кризисти жеңүүнүн жана адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун эффективдүү кепилдиги болуп чыныгы көз каранды жана коомдун ишенимине ээ болгон жалгыз сот гана боло алат. Өз кезегинде, мындай соттун иштеши судьянын өзүнө карата негизсиз айыптоолордон жана зомбулуктан болушунча корголгон жерде гана болушу мүмкүн. Иш жүзүндө толук максаттуу ишке ашырылуучу ишенимдүү процедуралык кепилдиктер судьяларды оюна келгендей жана негизсиз жазалардан, демек, аларга мыйзамсыз кысымдан коргоонун негизги фактору болуп саналат. Тартип жазанын салынуусу жөнүндө чечимди кайталап кароонун ишенимдүү процедурасы жок болгон учурда негизсиз тартип жазасына дуушар болуунун реалдуу коркунучу, судьялардын көз карандысыздыгынын кепилдигинин даражасын кемитип, алар өзүлөрүнүн ыйгарым укуктарын эффективдүү аткарууда тоскоолдуктарга учурашы мүмкүн.

Мында судьяга салынган тартип жазасына даттануу мүмкүндүгүн берүү жөнүндө жоболорду камтыган эл аралык стандарттар дагы эске алынууга тийиш. Алсак, Соттук органдардын көз карандысыздыгынын Негизги принциптеринин айрым жоболору (БУУнун Башкы Ассамблеясында 1985-жылдын 29-ноябрындагы жана 1985-жылдын 13-декабрдагы резолюциялар менен жактырылган) судьянын үстүнөн ал өзүнүн судьялык же кесиптик милдеттерин аткаруунун жүрүшүндө келип түшкөн айып же даттануу тийиштүү процедурага ылайык токтоосуз жана калыс каралуу керек деп айтылат. Судья жооп алууга жана адилеттүү териштирилүүгө укуктуу (17-пункт); тартиптик жазалоо, кызмат ордунан четтетүү же бошотуу жөнүндө чечим көз карандысыз текшерүүнүн предмети болуусу керек (20-берене).

Ошентип, соттук же башка орган түрүндө судьялардын тартип жоопкерчилиги маселелерин караган тартиптик органдын иштешине мүмкүндүк берген эл аралык укуктук стандарттар улуттук мыйзамдарда кабыл алынып жаткан чечимдердин даттанылуу механизми каралгандай болушун талап кылат.

Демек, алдын ала эскертүү, эскертүү же сөгүш сыяктуу тартип жазаларынын түрлөрүн судьяга карата колдонуу жөнүндө Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын чечими көз карандысыз текшерүүнүн предмети болушу керек. Муну, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген жана абсолюттук мүнөзгө ээ болгон ар кимдин соттук коргонуу укугу дагы талап кылат (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган укуктарды чектөөнүн бир дагы конституциялык таанылуучу максаттары, тактап айтканда адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо соттук коргонууга укуктун жүзөгө ашырылуусуна карата чектөөлөрдү киргизүү үчүн негиз болушу

мүмкүн эмес).

Ошону менен бирге, салттуу түшүнүктө соттук коргонууга укуктун судьялар үчүн жүзөгө ашырылуусу талаш-тартыштын бардык тараптары катыша турган атаандаштыкта сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун бардык принциптерин сактоо менен соттук органда жүргүзүлгөндө, ал сот системасынын бүтүндөй кадыр-баркына терс таасирин тийгизбей койбойт. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы ушул маанилүү жагдайларды эске алуу менен, судьялардын соттук коргонуу укугунун жүзөгө ашырылуусу бир аз башкача жол менен болушу мүмкүн деп эсептейт.

Соттук өз алдынча башкаруу органдарына, тактап айтканда соттук өз алдынча башкаруу органынын шайланма органы болгон Судьялар кеңешине көз карандысыздыкты камсыз кылуу зарылдыгы менен түздөн-түз байланышта сот бийлигинин кадыр-баркынын сакталышы жүктөлөт. Сот адилеттигин жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу, даярдыгы мыкты жана кадырлуу судьялардын катарынан, съездде шайлануучу, тек гана судьялардан турган Судьялар кеңеши, баарыдан мурда, судьялардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого чакырылган, ошондуктан ага Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын чечимдерине судьялардын даттанууларын кароо боюнча функциялардын жүктөлгөнү Кыргыз Республикасы өзүнө алган эл аралык милдеттенмелердин да, ар кимдин соттук коргонуу укугу менен сөзсүз түрдө камсыз кылынуусу жөнүндө Конституциянын талаптарынын да көз карашынан орундуу болуп саналат.

Демек, мыйзам чыгаруучу административдик-юрисдикциялык орган катары Тартип комиссиясынын статусунан келип чыгып, негиздердин кенен тизмеси боюнча жоопкерчиликтин катаалдыгы менен кайтарылбастыгын жана судьялардын көз карандысыздыгы менен кол тийбестигин камсыз кылуу зарылдыгын болжогон коомдук кызыкчылыктардын балансын эске алуу менен эл аралык милдеттенмелердин жана ар кимдин соттук коргонуу конституциялык укугун камсыздоо менен зарылдыгынын натыйжасынан пайда болуучу укуктук мамилелерди жөнгө салуусу керек.

Конституциялык палата тартип өндүрүшүн демилге кылган субъектке тартип жазасы жөнүндө чечимди даттануу укугу берилиши мүмкүн эмес, анткени судьяларда мындай укуктун пайда болушу коомдук кызыкчылыкка ээ экендигин жана анын көз карандысыздык принцибин камсыздоого багытталгандыгын, ал эми башка жактар өзүнүн кызыкчылыктарын коргоо үчүн соттордо жалпы негиздерде толук кандуу мүмкүнчүлүккө ээ экендигин өзгөчө белгилейт.

3. Конституциялык палата 2020-жылдын 18-июнунда Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинин 49-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти карап чыкты жана талашылып жаткан ченемди КР Конституциясына карама-каршы келбейт деп тааныды.

Мыйзам чыгаруучу баланы асырап алуучулар катарына кимдер кирерин аныктоо менен, андай асырап алуучунун жаш курагы 60 жаштан ашпоого тийиш деп чектөө койгон (Балдар жөнүндө кодексинин 49-беренесинин 1-бөлүгү). Курагы 60 жаштан ашкан баланын туугандары, камкорчусу же көзөмөлчүсү болгон адамдар гана баланы асырап алуучу боло алышат. Ошентип, балдардын укуктарынын, анын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылуу принцибинин бирдейлик укуктарынын принциптери жана кодулануунга тыюу салуу менен салыштырмалуулук мамилеси өзгөчө маниге ээ боло баштайт, анткени жеке жана коомдук кызыкчылыктар ортосундагы гана эмес, алардын ичиндеги пайда болуучу конфликттерди чечүүдө Конституциянын көз карашынан алып кароо менен буга карата жол берилүүчү мамилелердин маңызынын ачылышы талап кылынат.

Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин көп түрдүүлүгүн эске алганда алардын күнүмдүк жашоо-тиричиликте кайчылашып туруусун болтурбай коюуга болбойт, демек, алардын ортосундагы карама-каршылыктарды жана конфликттерди жокко чыгарууга мүмкүн эмес. Ошон үчүн мамлекеттик бийликтин үч бутагынын, биринчи кезекте конституциялык контролдоо органынын башкы милдети болуп бир конституциялуулук баалуулукту башкасынын пайдасына жокко чыгарбастан же кемитпестен ушул өңдүү кырдаалдардан натыйжалуу чыгууда турат.

Конституция өзүнүн жыйындысында гана инсандын конституциялык бүтүндүгүн камсыз кылуунун жөндөмдүүлүгү аркылуу ар-бири жогорку баалуулук болгон адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери ортосунда иерархияны белгилебейт. Ушуга байланыштуу, ченем жаратуучу

жана укук колдонуучу органдар ортосунда ар-биринин кызыкчылыктар тен салмактуулугун кармап туруу коомдук мамилелердин болушунча шайкештикке жетишүүгө жол берген өз ара мындай салыштырмалуулукту белгилөө аркылуу жүзөгө ашырылуусу керек.

Бир жагынан, заманбап демократиялардын базалык баалуулуктары болуп бирдейлик принциптери жана кодулоого тыюу салуу саналат, башка жагынан болсо, баланын укуктары менен эң мыкты кызыкчылыктарынын биринчи кезекте болуусу өлкөнүн эл аралык милдеттенмелеринен келип чыгат жана коомдун социалдашуусу даражасын чагылдырат. Демек, мамлекет ушул конституциялык баалуулуктардын бирине дагы сыртын салууга укуктуу эмес жана бирин жокко чыгарууга же кемсинтүүгө алып келбеген салыштырмалуулукту ортодон калыптандырууга милдеттүү.

Ушул сыяктуу укуктук кырдаалдарды чечүүдө өзөктүү болуп кабыл алынып жаткан укуктук жөнгө салуунун конкреттүү милдетин туура аныктоо саналат жана ушуга байланыштуу кайсы жалпыга таанылган укук алдыңкы мааниге ээ болуп калат. Мындай учурда башка укуктар менен эркиндиктердин жүзөгө ашырылуусунун толуктугу алдыңкы милдетке жетишүүгө тоскоолдук туудурбаган өлчөмдө мүмкүн боло баштайт. Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Конституциясы өлчөмдөштүк шарттар сөзсүз сакталганда жана мамлекеттик максатка ылайыктуулукту көздөө белгилери болбогондо, чектөө чараларын колдонууга жол берет.

Балдар – калктын өзгөчө аяр жана анчалык корголбогон категориясы, алардын укуктарын камсыз кылуу мамлекеттин биринчи кезектеги милдети болуп саналат. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 5-бөлүгүндө бекитилген баланын эң мыкты кызыкчылыктарынын принцибин толук кандуу жүзөгө ашырылуу зарылдыгы баланын укуктар чөйрөсүндө чечимдерди кабыл алууну жана мамлекеттик саясатты аныктоону болжойт. Конституцияга ылайык ар-бир бала анын дене-боюнун, акыл-эсинин, ички руханий, ыймандык жана социалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине укуктуу, баланын өнүгүшү үчүн зарыл болгон жашоо шарттарын камсыздоо жоопкерчилиги өздөрүнүн жөндөмдөрү менен финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша баланы тарбиялап жатышкан ата-эне менен тарбиячы адамдардын ар бирине жүктөлөт (36-берененин 2, 3-бөлүктөрү). Асырап алуу ата-эненин камкордугунан куру калган баланын кызыкчылыктарын коргоонун, үй-бүлөдөгүдөй шарттарды ага түзүүнүн жана анын мээрим алууга муктаждыгын жана такай кам көрүлүүгө муктаждыгын канааттандырууга укугунун жүзөгө ашырылуусунун негизги формасы болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын пикири боюнча балдарды асырап алууда жаш куракка чектөөнүн каралып жаткан учурда коюлушу баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылуу максаты менен шартталган.

Мындай укуктук жөнгө салуу баланын укуктар менен кызыкчылыктарынын биринчи кезекте орундалуусунун принциптеринин, ата-энелердин жана алардын баскан адамдардын милдеттеринин, ошондой эле мамлекет, коом, үй-бүлө тарабынан баланын укуктары менен эркиндиктерин кайтаруунун жана коргоонун жүзөгө ашырылуусунун камсыз кылат. Демек, асырап алуучулардын укуктарынын жүзөгө ашырылуусу бала үй-бүлөлүк мамилелердин өзгөчө аярлуу субъекти катары, анын укуктары менен кызыкчылыктарын сөзсүз сакталуусунун көз карашынан жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Расмий маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасында эркектердин өмүрүнүн узактыгы 69 жаш, аялдардыкы 79 жаш. Ошол эле учурда, «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен пенсиялык курак эркектер үчүн 63 жаш, аялдар үчүн 58 жаш деп белгиленген, ошентип жарандардын көбүнө таандык болгон адамдын эмгек жөндөмдүүлүгүнүн жаш курактык чеги көрсөтүлгөн.

Курагы 60 жашка жеткен адамдарга асырап алууга уруксат берилген учурда, алар өзүнүн жаш курагына, физикалык жана финансылык мүмкүнчүлүктөр менен шартталган мүмкүнчүлүктөргө ылайык ата-энелик милдеттерин толук кандуу жүзөгө ашыруусу кыйын, ал эми айрым учурларда мүмкүн эмес болуп калуу мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылбайт. Андан тышкары, бала өз алдынча жашай ала турган жаш курагына жеткенге чейин кайталап жетим болуп калуу жогорку коркунучу баланы кор-

гоонун үзгүлтүксүз жана туруктуулук, ага кам көрүү жана аны тарбиялоо сапаттарынын бузулушуна, мамлекет тарабынан баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылуу боюнча өз милдеттерин аткаруусу анын социалдык адаптациясын кыйындатып, орчундуу татаалдыктарга алып келиши мүмкүн.

Демек, мыйзам чыгаруучу тарабынан конституциялык баалуулуктарды тең салмактоо максатында өзүнүн дискрециясы алкагында акылга сыярлык жана өлчөмдөштүк критерийлерине жооп берген чектөөнү укуктук каражат катары пайдаланылган жана башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоого болгон конституциялык маанилүү максат менен шартталган, Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушу катары каралышы мүмкүн эмес.

4. Конституциялык палата 2020-жылдын 3-сентябрында 2009-жылдын 24-июлундагы №252 сандуу «Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 5-бөлүгүн текшерүү жөнүндө ишти карап чыккан жана талашылып жаткан ченемди Конституцияга карама-каршы келбейт деп тапкан.

Талашылып жаткан ченем менен доонун эскириши жайылтылбаган менчик ээсинин же башка менчик ээсинин сот аркылуу талап кылуу укугуна дуушар болбогон талаптардын тизмесинен, эгерде мындай укук бузуулар менчигинен ажыратууга байланышпаган болсо да, менчик ээсинин же башка ээлик кылуучунун анын укугунун ар кандай бузулушун четтетүү жөнүндөгү талабына, мамлекеттик башкаруу жана өз алдынча башкаруу органдарынын көрсөтүлгөн жактарга тиешелүү мүлккө ээлик кылуу, аны пайдалануу жана тескөө боюнча алардын укуктарын бузган актыларын жараксыз деп табуу жөнүндө менчик ээлеринин же башка жактардын талаптарынан чыгарылган.

Мындай өзгөчө учурлар, арыз ээсинин пикири боюнча ар бир адамдын жеке менчикке кол тийбестик укугун бузат жана Кыргыз Республикасынын Конституциясы кепилдеген соттук коргоого укукту чектейт.

Конституциялык палата өз чечиминде менчик укугу инсандын табигый ажырагыс укугу болуп эсептелет деп белгиледи. Демократиялык мамлекетте негизделген баалуулуктар тутумунда менчик укугу адам укуктарынын жыйындысынын эң маанилүү орундарын ээлеп, анын укуктук статусунун негиздеринин бирин түзөт. Ошондуктан менчик укугун коргоо Кыргыз Республикасынын милдети болуп саналат.

Кыргыз Республикасында жеке менчик укугун коргогон камсыздоочу механизмдердин бири болуп соттук коргонуу укугу болуп саналат. Жарандык процессте соттук коргонуу кызыктар адамга доону сотко коюу укугун берүүдө турат. Бирок, жарандык укуктарды коргоо алардын башталышы же бүтүшү укуктук мамилелердин катышуучулары үчүн белгилүү бир укуктук кесепеттерди алып келүүчү убакыт фактору менен ажырагыс байланышта. Доонун эскирүү мөөнөтүн орнотуу, баарынан мурда коомдук иш-милдеттерди натыйжалуу жүзөгө ашырууну камсыздоо, жарандык жүгүртүүнүн туруктуулугун жана стабилдүүлүгүн сактоо максатына ээ болгон укуктук аныктык принцибин камсыздоого багытталган.

Менчик укугунун тутумундагы жеке менчикти коргоонун өзгөчө маанисин жана баалуулугун эске алуу менен мыйзам чыгаруучу талашылып жаткан Мыйзамды кабыл алууда аларды коргоонун ар кандай механизмдерин караштырган, алардын ыкмаларынын тизмеси Граждандык кодекстин 11-статьясында белгиленген. Андан тышкары, коргоонун укуктук негизин жарандык мыйзамдар гана эмес, башка бирөөнүн мүлкүнө мыйзамсыз кол салгандыгы үчүн жоопкерчиликти белгилеген кылмыш жана административдик мыйзамдар да камсыз кылат. Тизмеде көрсөтүлгөн коргоонун ар бир ыкмасы өзүнчө жана башкалар менен айкалышта колдонулушу мүмкүн, мында коргоо ыкмасын тандап алуу доогердин өзүнө таандык.

Баяндалгандарды эске алуу менен, Конституциялык палата жогоруда көрсөтүлгөн укуктук механизмдер болгондо, иш-аракеттерди чектөө институтун менчик укугун коргоо чөйрөсүнө чейин узартуу жеке менчик укугун жоюу же кыскартуу, ошондой эле бул укукту сот аркылуу коргоо деп

кароого болбойт деген тыянакка келди. Граждандык кодекстин 221-статьясынын 4, 5-пунктчаларын алып салуу сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн чектөөгө алып келбейт, бирок жарандык-укуктук мамилелердин катышуучулары үчүн белгилүү бир жол-жоболорду жана жүрүм-турум эрежелерин белгилейт.

5. Конституциялык палата 2020-жылдын 16-сентябрында Жарандык процесстик кодекстин 106-беренесинин 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү боюнча ишти карады жана талашылып жаткан ченемди Конституцияга карама-каршы келет деп тааныды.

Талашылып жаткан ченем юридикалык жактардын жана ишкердик ишти жүзөгө ашыруучуу жарандардын сотко кайрылууда кийинкиге мамлекеттик алымды жылдыруу же созуп төлөө жөнүндө арыз менен кайрылуу мүмкүнчүлүктөрүн жокко чыгарат. Арыз ээсинин айтымында, жогоруда көрсөтүлгөн маселе кандайдыр бир белгилер боюнча басмырлоонун талаптарын бузуп, сот тарабынан коргонуу укугун жана Конституциянын кепилдиги менен жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу укугун чектейт.

Конституциялык палата өз чечиминде Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 103-беренесинин жобосу кызыктар адамдын төлөөгө кудуретсиздиги анын сот тарабынан корголуу укугун жүзөгө ашырууга эч кандай жолтоо болбошун талап кылат деп белгиледи. Ошентип, сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүнүн артыкчылыгын аныктаган негизги мыйзам соттор тарабынан милдеттүү укуктук жөнгө салуу жолу менен эмес, ар бир конкреттүү иш боюнча бааланууга тийиш, тиешелүүлүгүнө жараша баалоо категориясындагы кызыктар адамдын мүлктүк абалын классификациялайт. Жогоруда айтылгандардан улам, сот акыйкаттыгын камсыз кылууга сарпталган мамлекеттик каражаттардын бир бөлүгүнүн ордун толтуруу катары, мамлекеттик алымды алуу максаты артыкчылыктуу боло албайт.

Мамлекеттик алымдарды төлөөдөн толугу менен же жарым-жартылай бошотуу, аны төлөөнү жылдыруу же созуп төлөп берүү планы жалпы конституциялык жана укуктук мүнөзгө ээ болгон укуктук каражаттар болуп саналат жана толугу менен соттук коргоого конституциялык укукту жүзөгө ашыруу маселеси жана анын ажырагыс бөлүгү - сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү менен байланыштуу.

Жарандык процесстик кодекстин 106-беренесинин аныктамасынын негизинде ишкердик иш-аракетке тиешеси жок, бирок каралып жаткан укукка ээ жеке жана юридикалык жактардын катарына социалдык жактан корголбогон социалдык топтор гана эмес, ошондой эле чет өлкөлүк адамдар, жарандыгы жок адамдар жана мүлктүк абалы мыкты Кыргыз Республикасынын жарандары кириши мүмкүн, ал эми ишкердик ишти жүзөгө ашыруу сөзсүз төлөө жөндөмүнүн кепилдиги боло албайт.

Ошентип, мамлекеттик алымды кийинкиге жылдыруу же созуп төлөө жөнүндө сотко кайрылууга укуктуу жактардын катарынан юридикалык жактарды жана ишкердик ишин жүзөгө ашырган Кыргыз Республикасынын жарандарын чыгарган талашкан ченем, кызыктар жактардын процесстик укуктарына жол берилгис чектөөлөрдү жана мүлктүк абалдын айырмачылыктарын киргизет Ошону менен сот тарабынан корголуу укугун чектөөнүн жол берилбестиги, мыйзам жана сот алдында баарынын теңдиги, мүлктүк абалына байланыштуу басмырлоого тыюу салуу боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген кепилдиктерди бузат (16-статьянын 2, 3-бөлүктөрү, 20-берененин 5-бөлүгүнүн 3, 8-пункттары).

6. Конституциялык палата 2020-жылдын 30-сентябрында «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктун жана 13-беренесинин 2-бөлүгүнүн төртүнчү абзацынын конституциялуулугун текшерүү боюнча ишти карап чыгып, “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктун жана 13-беренесинин 2-бөлүгүнүн төртүнчү абзацынын “жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган ...” деген сөздөр менен айтылган талашылып жаткан ченемдик жоболору конституциялуулугуна баа берген.

Жарандардын билим алуу, анын ичинде диний билим алуу конституциялык укугун жүзөгө ашы-

руу үчүн диний билим берүү мекемесин түзүүдө, диний уюм, ишке ашыруу механизми болбогон, жарандардын тизмесин жергиликтүү кеңеш менен макулдашуу процедурасын өтүүгө милдеттүү экендиги талашылып жаткан ченемдерде белгиленген.

Конституциялык палата өз чечиминде дин тутуу эркиндиги мамлекет тарабынан жарандардын диний ынанымдарды эркин тандап алуу жана ээ болуу укугун жүзөгө ашырууда ар кандай тоскоолдуктардын пайда болуу мүмкүндүгүн жокко чыгарган укуктук шарттарды түзүүнү болжойт, анткени көрсөтүлгөн укук эч чектелүүгө тийиш эмес укуктардын категориясына кирет деп белгиледи (Конституциянын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 5-пункту).

Ошондой эле Конституциялык палата диний уюмду түзүү демилгечилери болгон жарандардын, Уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн тизмесин жергиликтүү кеңештер менен аларды эсептик каттоого алуу үчүн макулдашуу талабын караштырган, каралып жаткан Мыйзамдын ченеми анын кароо предмети болгонун белгиледи. 2014-жылдын 4-сентябрындагы чечим менен талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанылган.

Көрсөтүлгөн Чечимде, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 16-беренесинде бекитилген жергиликтүү маанидеги маселелерди аныктоо принциптеринин негизинде диний уюмду түзүүнүн демилгечилери болгон жарандардын тизмесин жергиликтүү кеңештер тарабынан макулдашуу жергиликтүү маанидеги маселелерге таандык болушу мүмкүн эмес, анткени эсептик каттоого алуу функциялары дин иштери боюнча мамлекеттик органга жүктөлгөн.

Конституциялык палата, маңызы боюнча жарандардын Уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн тизмесин чакырылган миссионерди эсептик каттоого алуу үчүн, ошондой эле диний билим берүү мекемесин каттоо үчүн жергиликтүү кеңештер менен макулдашуу жөнүндө талашалып жаткан мыйзам жоболору өзүнөн өзү жарандардын ынанымдарды эркин тандап алуу жана ээ болуу укугун жүзөгө ашырууда акталбаган жана жөнгө салуучу мааниси жок болгон тоскоолдук болуп саналат, ошону менен дин тутуу эркиндигине болгон укук, диний мүнөздөгү иш-чараларды өткөрүүдө муктаждыктарды канааттандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү чектейт деп белгиледи.

Дин иштери боюнча мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылган диний иш-аракеттер чөйрөсүндөгү эсептик каттоого алуунун мааниси, диний негизде коомдук тартипти туруксуздаштыруучу потенциалдуу коркунуч алып келген деструктивдүү диний уюмдардын же диний ишенимдердин идеологиялык таасиринин жайылышын болтурбоо максатында, мамлекеттик деңгээлде бирдиктүү саясат жүргүзүү зарылчылыгында жатат.

Ушуга байланыштуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары дин иштери боюнча мамлекеттик органдын жардамы менен тийиштүү аймакта гана дин жаатындагы мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыра алат, анын максаты коомдук тартиптин корголушун камсыз кылуу, конфессия аралык ынтымакты жана динге сабырдуулукту чыңдоо, ошондой эле диний радикализмге жана экстремизмге каршы туруу болуп саналат.

Ошентип, Конституциялык палата “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын “жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган ...” деген сөздөр менен баяндалган талашылып жаткан ченемдердин ченемдик жоболору, Конституциянын диний ынанымдарды эркин тандап алуу жана ээ болуу укугуна тыюу салууга кепилдик берген ченемдерине карама-каршы келет деген жыйынтыкка келди.

7. Конституциялык палата 2020-жылдын 14-октябрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-апрелиндеги №197 токтому менен бекитилген ID-карта жөнүндөгү жобонун 3-пунктунун конституциялуулугун карап чыгып, этностук таандыгы тууралуу маалыматтын ачык тексттик түрдө көрсөтүлбөй, электрондук чипте камтылышы Конституциянын 38-беренесине карама-каршы келет деп тапты.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 38-беренесине ылайык ар ким өзүнүн этностук тийиштүүлүгүн эркин аныктоого жана көрсөтүүгө укуктуу. Башкача айтканда, ар кимге өз ыктыяры менен бул адамга тийиштүү документте өзүнүн этноско таандыктыгын биринчиден аныктоо, экинчиден көрсөтүү, же болбосо аны көрсөтүүдөн таптакыр эле баш тартуу укугу берилген.

Өзүнүн этноско таандыктыгын эркин аныктоо укугу жөнүндө конституциялык жобо өзүнүн мааниси жана мазмуну боюнча адамдын өзүн өзү аныктоо, өзүн белгилүү бир этникалык жалпылыктын катарына кошуу аң-сезимдүү актысы, ошондой эле өз маданий бирдейлигин тандоо мүмкүнчүлүгүн жана этноско таандыктыгы менен байланышкан таламдарын жана кызыкчылыктарын канааттандырууга болгон укугун билдирет.

"Эркин көрсөтүү" деп уруксат берүү менен Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир инсанга өзүн таанытуу формасы катары өзүнүн этноско таандыктыгы жөнүндө маалыматты каалагандай жалпыга жеткиликтүү булактарында, анын ичинде конкреттүү адамга тийиштүү расмий документтерде эркин көрсөтүү, жайылтуу жана ашкере кылуу укугун берүү зарылдыгы жөнүндө айтат.

Ошол эле учурда, аталган укуктардын конституциялык-укуктук мазмуну адамдын өзүнүн этноско таандыктыгын юридикалык маанилүү ар кандай максаттарда аныктоо же аныктабоо, көрсөтүү же көрсөтпөө мүмкүнчүлүгүндө гана эмес, өзүнүн этноско таандыктыгын аныктоодон жана көрсөтүүдөн таптакыр баш тартуу, же болбосо анын жеткиликтүүлүгүн чектөөдө да турат.

Ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 38-беренесине ылайык эч ким өзүнүн этностук тийиштүүлүгүн аныктоого жана көрсөтүүгө мажбурланбашы керек. Жалпысынан бул берене адамдын этноско таандыктыгы жөнүндө маалыматтарды, аны бирдейлештирүү максатында берилүүчү документтерде, расмий белгилөөнү анын эркине императивдик түрдө көз каранды кылып койгон. Мындан тышкары, адамдын өзүнүн этноско таандыктыгын аныктоого жана көрсөтүүгө мажбурлануусуна тыюу салууну милдеттүү түрдө камсыздоо максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясы аны эч кандай өзгөрүүгө дуушар болбогон чектелгис тыюулардын тизмесине киргизген (20-берененин 4-бөлүгүнүн 9-пункту, 38-берененин экинчи сүйлөмү).

Жобонун кайрылуучу тарап менен талашылып жаткан 3-пункту ID-картага киргизүүгө тийиштүү болгон маалыматтардын тизмесин бекитет. Мында маалыматтар эки категорияга бөлүнгөн: текстик түрдөгү жана электрондук чиптеги. Этноско таандыктыгына тийиштүү маалыматтар арыз ээсинин каалоосу менен электрондук чиптин ичине киргизилген. Тактап айтканда этноско таандыктыгы жөнүндө маалыматтарды электрондук чипке киргизүү, анын ичиндеги маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн чектөө максатында криптографиялык технологияларды колдонууну билдирет. Бул өзүнүн этноско таандыктыгын аныктап, бирок аны жабык режиминде көрсөткүсү келген адамдын эрки боюнча гана ишке ашырылышы мүмкүн.

Бирок ошол эле учурда, эгер арыз ээси өзү кааласа, ID-картада этноско таандыктыгы жөнүндө маалыматты текст түрүндө көрсөтүү мүмкүндүгүн бербөө, өзүнүн этноско таандыктыгы жөнүндө маалыматты ачык-айкын жарыялоого, анын ичинде адамдын ким экендигин тастыктаган ID-картада да жарыялоо укугун тикелей бузуу болуп саналат. Башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 38-беренесинде каралган ар кимдин өзүнүн этностук тийиштүүлүгүн эркин аныктоо жана көрсөтүү укугуна кепилдик бузулууда деп Чечимде белгиленген.

8. Конституциялык палата 2020 жылдын 21 октябрында «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 12-беренесинин 2-бөлүгүнүн жана 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти карап чыгып, Конституциянын көз карашынан алганда, сот адилеттүүлүгүн жүзөгө ашырууда айкын жана одоно бузуу үчүн судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартууну мүмкүн деп тааныган, бирок мында судьядан, ал эмес аны жоопкерчиликке тартууга байланышса да, конкреттүү сот иши боюнча отчетту талап кылуумүмкүн эмес деп эсептейт.

Сот адилеттиги сот бийлигинин жана ушул бийликтин алып жүрүүчүлөрү – судьялардын көз карандысыздыгы шарттарында гана натыйжалуу жана адилеттүү болушу мүмкүн. Ошондуктан судьялардын көз карандысыздыгынын, кол тийбестигинин жана өзгөчө укуктук статусунун принциптери, алардын Конституцияга жана мыйзамдарга гана баш ийүүсү, судьядан конкреттүү сот иши боюнча отчетту талап кылууга жана сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча ишине ар кандай кийлигишүүгө тыюу салуу Конституцияда чечкиндүү буйрук формасында бекитилген. Судьялардын көз карандысыздыгы жана сот адилеттиги органдарынын институционалдуу көз карандысыздык тутумунунна-

тыйжалуу түптөлүшүндө гана сот бийлиги бейтарап болууга, адамдын укуктары менен эркиндиктерин кепилдөөгө, ошондой эле өлкөдө мыйзамдуулук режимин камсыз кылууга жөндөмдүү.

Ошону менен бирге, судьялардын көз карандысыздыгынын конституциялык кепилдиктери чексиз мүнөзгө ээ болушу мүмкүн эмес, анткени бийликтин расмий органдарынын коом алдында ачыктыгы жана жоопкерчилиги сот бийлигинин өкүлдөрүнө да тиешелүүлүгү шексиз жана судьялардын жоопкерчилик механизминин түзүлүшүн зарылдыгын болжойт. Баарыдан мурда, судьялардын жоопкерчилиги институтунун максаты коомго зарыл болгон сот адилеттигинин жогорку деңгээлин кармап туруу кызыкчылыгында коомдук милдеттерди чечүүдө турат. Бирок, мында тартиптик жоопкерчилик тутуму ишенимдүү, болжолдуу, адилеттүү жана кыянатчылык менен пайдалануудан жана зомбулуктан корголгондой болуш керек.

Конституциянын эч ким судьядан конкреттүү сот иши боюнча отчет талап кылууга укуктуу эмес деген 94-беренесинин 3-бөлүгүнүн биринчи абзацына карабастан «Кыргыз Республикасынын судьялардын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 12-беренесинин 2-бөлүгүнүн талашылып жаткан ченемдик жобосу ушул тыюудан алып салууну камтыйт жана эгер судьянын тартиптик жоопкерчилик жөнүндө маселеси каралып жаткан учур болсо, судьядан конкреттүү сот иши боюнча отчетту талап кылууга жол берет. Аны менен, ушул укукту Тартиптик комиссия тарабынан негизсиз колдонууга шарт түзүлүүдө, ал эми бул мыйзам актыларында өзгөрүлбөй турган жана кеңири чечмеленбей турган эбегейсиз белгилүү бир эрежени камтуучу императивдүү конституциялык ченем болуп саналат.

Албетте, сот адилеттигин жүзөгө ашырууда судьялар тарабынан адилетсиз аракеттерди болтурбоо механизмдеринин бири болуп «Кыргыз Республикасынын судьялардын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунда каралган «сот адилеттигин жүзөгө ашырууда мыйзамдуулукту айкын жана одоно бузгандыгы үчүн» жоопкерчилик чарасын орнотуу келип чыгат.

Бирок судьялар мыйзамдын талаптарынан ар кандай четтөөсү үчүн эмес, сот адилеттигинин максаттарына жана арналгандыгына айкын карама-каршы келгендиги үчүн жоопкерчилик тартышы керек. Мыйзамдын одоно бузулушунун категориясына мыйзамдын талаптарына жараша жогору турган сот инстанциясы тарабынан соттук актыга айныгыс оңдоолорду алып келген олуттуу бузууларды гана киргизүү керек. Айкындуулук жана одонолук негизсиз чечмеленбеш керек, алар тартиптик жосундарды баалоодо жана мамилелерде айырмачылыктарга жол бербеген, ошондой эле судьяларга карата тартиптик өндүрүштүн адилеттүү жана бир түрдүү тажрыйбаны орнотууга мүмкүндүк берген мыйзам чыгаруучулук, уюштуруучулук, усулдук чаралар аркылуу так алкактар менен берилиш керек.

Конституциялык палата судьянын ишин баалоонун негизинде анын ак ниеттүү жаңылышуусунун натыйжасында келип чыккан, ошондон улам юридикалык жоопкерчиликке жатпаган учурлардан жазалануунуу татыктуу жосундарды ажыратуунун өзөктүү принциби болуш керек деп баса белгилеген.

Судьянын ак ниет жаңылышуусунун натыйжасында кетирген соттук катасы үчүн, ал анын көз карашынан объективдүү негиздери болгон ынанымдары үчүн аны судьянын беделин кетирген факт катары баалоого болбойт, ошондуктан бул өңдүү аракет/аракетсиздик тартиптик жоопкерчиликке жатпайт.

Орой шалакылыктын же кесипкөй компетенттүү эместиктин натыйжасында жасалган соттук каталар чындыктын бурмаланышына алып келет, сот адилеттигинин максаттарына карама-каршы келет жана сот бийлигинин аброюна түзөтүлбөс зыян келтирет, демек, судьяга ал келтирген зыянына өлчөмдөш болгон тартиптик жоопкерчилик чараларынын колдонулушу үчүн негиз болуп саналат.

Ошол эле учурда судьянын ошол эле кесепеттерге алып келген, бирок ниеттенип жасалган аракеттери/аракетсиздиги өзүнүн табияты боюнча соттук катага кириши мүмкүн эмес жана ал жасалган жосундун жана келтирилген зыяндын мүнөзүнө жана оордугуна жараша тиешелүү юридикалык жоопкерчиликтин түрүнүн алкагында бааланууга тийиш.

Бирок соттук каталарды четтетүүнүн жалгыз механизми болуп соттук актыларды даттануу институту болушу мүмкүн, тактап айтканда судьянын соттук катасы же объективдүү укукка каршы аракети/аракетсиздигинин бар экендиги жогору турган сот органынын актысы менен гана белгилениши мүмкүн. Судьянын аракеттерин/аракетсиздигин баалоо максатында соттук эмес органдар тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан соттук актыларды текшерүүнүн ар кандай процедурасы принципиалдуу түрдө жол берилгис. Судьяларга карата тартиптик өндүрүштү жүзөгө ашыруучу органга бул өңдүү укуктун берилиши сот адилеттигинин табиятынын өзүн, сот актынын төгүндөлбөстүгүн, өзгөчөлүктүгүн, милдеттүүлүгүн тануу дегенди гана билдирет.

Жалпысынан, судьялардын көз карандысыздыгынын маанилүүлүгүн же анын кесипкөйлүк жактан ылайык келүүсүнө көзөмөлдү күчөтүү зарылдыгын тандоодо судьялардын көз карандысыздыгынын уюткусуна артыкчылык берилүү керек экендигин, анткени анын жоктугу бүтүндөй сот тутумунун тутумдаш жана бузуучулук кемчиликтин билдирет, ал эми кесипкөй эместик жана компетенттүү эместик – бул кокустан болуучу жана жекелик дефект экендигин эске алуу зарыл.

9. Конституциялык палата 2020-жылдын 2-декабрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 38, 63-беренелеринин колдонулушун токтото туруу жөнүндө конституциялык Мыйзамды Конституцияга карама-каршы келбейт деп тааныды. Арыздануучулар, талашылып жаткан конституциялык Мыйзам тийиштүү убакыттык аралыктарды сактоосуз жана коомдук талкууну өткөрбөстөн бир убакытта үч окуудан мыйзамдарда орнотулган тартипти бузуу менен кабыл алынган деп билдиришкен. Жогорку Кеңеш «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Мыйзамдын 55-беренесинин 10-бөлүгүнүн 8-пунктуна негизсиз шилтеме жасаган, ага ылайык өзгөчө кырдаалда же ал жеткис күчтүн жагдайларына байланыштуу мыйзам долбоорлорун кабыл алууга жол берилет, бирок өлкө бул абалдардын бирөөндө да болгон эмес. Андан тышкары, талашылып жаткан акттын 1-беренесинде келтирилген бардык башка максатар мыйзам чыгаруу процессинин бекитилген стадияларын буйтап, ылдамдатылган тартипте аны кабыл алуу үчүн негиз болушу мүмкүн эмес.

Конституциялык палата, өлкө токтоосуз мыйзам чыгаруучулук реакцияны талап кылган өзгөчө кырдаалдардан корголгон эмес экенин тааныды, ошондуктан мыйзам долбоорлорун ылдамтылган режимде кабыл алуу мүмкүн болгон өзгөчө учурларды бекитүү укугунун мыйзам чыгаруучуда болушун жөндүү деп эсептейт. Бул учурларда бардык процедуралык маселелер, анын ичинде мыйзам долбоорлорун коомдук талкуулоо мыйзам чыгаруучулук кийлигишүүнүн ыкчамдуулугунун маанисин жокко чыгарбашы керек.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 22-мартындагы № 93-р буйругуна ылайык 2020-жылдын 22-мартынан тартып пандемияга жана коронавирус инфекциясынын тарашына байланыштуу өзгөчө кырдаал режими киргизилген, ал азыркы убакытка чейин сакталууда.

Андан тышкары, коомдун тийиштүү бөлүгүнүн шайлоонун жыйынтыгына жана иштеп жаткан шайлоо системасына болгон нааразычылыгы менен шартталган, 2020-жылдын 5-6-октябрында болуп өткөн окуялар массалык баш аламандыктар менен коштолгон жана социалдык туруксуздуктун бардык сапаттарына ээ болгон. Башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын масштабдуу социалдык-саясий кризис абалында болуу фактысынын талашсыздыгын тануу мүмкүн эмес. Ушуга байланыштуу Жогорку Кеңеште талашылып жаткан конституциялык Мыйзамды анын Регламентинде каралган өзгөчө режимде кабыл алуу үчүн бардык формалдык негиздер болгон.

Талашылып жаткан конституциялык Мыйзам менен «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын шайлоо жараксыз жана болбой калды деп тааныл-ган учурда кайра шайлоону өткөрүү тартибин регламенттеген 38 жана 63-беренелеринин колдонулушу токтото турулган, бул арыздануучулардын пикири боюнча эркин орнотулуучу убакыттык чектердин арасында жарандардын шайлоо укугун чектөө болуп саналат.

Жалпы укуктук мааниде укуктарды жана эркиндиктерди чектөө субъектке мурда берилген укук-

тарды жана эркиндиктерди мүмкүн болгон жүрүм-турумдун ар кандай чектерин орнотуу же болбосо толук тыюу салуу жолу менен тарытууну же болбосо санын азайтууну билдирет.

Ошол эле учурда, талашылып жаткан конституциялык Мыйзам шайлоо мыйзамдарынын системасынан кайра шайлоону өткөрүү процедурасын биротоло жойгон эмес, башкача айтканда, жарандардын шайлоо укугун жокко чыгарбайт, тарытпайт жана алардын көлөмүн азайтпайт, шайлоо процессинин кээ бир механизмдеринин колдонулушун убактылуу токтотот.

Ошентип, шайлоону жылдыруу, анын ичинде эл аралык укуктун ченемдеринин көз карашында, эгер ал өзүнө бүткүл коомдун кызыкчылыктарына зыян келтирүү коркунучун камтыган кризистер менен пайда кылынган өзгөчө зарылчылык менен шартталса жөндүү.

Ушуну менен бирге, шайлоо процессинин адилеттүүлүгү бекитилген процедураларды жана мөөнөттөрдү сактоодон көз каранды, демек, шайлоону кечирээк мөөнөткө жылдыруу учурунда мындай чечим объективдүү жагдайлар менен бекемделиши керек жана мындай жылдыруунун максаттарына өлчөмдөш болууга тийиш.

Талашылып жаткан Мыйзамдын 2-беренесине ылайык шайлоону өткөрүү 8 айга чейин жылдырылат, бул Конституциялык палатанын пикири боюнча чектен тыш жана объективдүү себептер менен акталуу эмес болуп саналат. Кайра шайлоону өткөрүүнүн негизсиз узак мөөнөтүн орнотуу шайлоочулардын мамлекеттик институттарга болгон ишенимин жоготуу тобокелине алып келет жана демократиялык принциптерге олуттуу зыян келтирет. Бирок алар талашылып жаткан конституциялык Мыйзамды Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таануу үчүн жетиштүү деп эсептелиши мүмкүн эмес, анткени шайлоону жылдыруу өзүнүн маңызы боюнча шайлоонун мезгилдүүлүгүн жана милдеттүүлүгүн жокко чыгарбайт, жарандардын шайлоо укугун тарытпайт жана башка жол менен чектебейт.

Европа Кеңешинин Венециялык комиссиясынын баасы боюнча талашылып жаткан акт анык демократиялык принциптерди чагылдырбайт жана эч кандай конституциялык жоболорду ачык бузбайт.

Арыдануучулар Жогорку Кеңештин депутаттары беш жылдык мөөнөткө шайланат, ал эми алардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бүттү, ошондуктан алардын конституциялык реформага катышуусу болжолдуу конституциялык өзгөртүүлөрдүн легитимдүүлүгүндө алдын ала күмөндүүлүктү туудурат деп көрсөтүшөт. Жогорку Кеңештин иштеп жаткан чакырылышы тарабынан өзүнүн легитимдүүлүгүн 5 жылдык мөөнөттөн ары узартуусу мыйзамсыз болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы Жогорку Кеңештин депутаттары өзүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга укуктуу болгон так мөөнөттү гана эмес, бул ыйгарым укуктар токтотулуш үчүн милдеттүү болгон шарттарды да орнотот. Бул конституциялык орнотмолордун милдети алар өзүнүн бирдиктүүлүгүндө бир жагынан бийлик органдарынын алмашуучулук демократиялык принцибин кепилдөөсүндө, экинчи жагынан мамлекеттик бийлик органдарынын системасында мыйзам чыгаруу бутагынын жашоого жөндөмдүүлүгүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыздашында камтылат. Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Конституциясы мыйзам чыгаруу органынын ыйгарым укуктарын узартуу максатын көздөбөйт, бийликти бөлүштүрүү принцибинин негизинде мамлекеттик бийликти түзүүнүн конституциялык конструкциясын сактоону талап кылат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мамлекеттик механизмдин түзүмүндөгү ролу мыйзам чыгаруу бийлигин жүзөгө ашырууда гана камтылбайт. Аны менен бир катар парламент өкүлчүлүктүү жана контролдук функцияларын ишке ашырат, ошондой эле өтө маанилүү мамлекеттик маселелерди чечет. Мыйзам чыгаруу органынын бул инструментарийлери өзүнүн жыйындысында бийлик бутактарынын арасындагы тең салмактуулукту камсыз кылууга, кармоолор жана каршы салмактар системасынын тийиштүү иштөөсүнө мүмкүндүк берет.

Европа Кеңешинин Венециялык комиссиясынын Корутундусуна ылайык Конституциянын 71-беренесинин 3-бөлүгүнүн максаты институционалдык вакуумдун ар кандай формасын алдын ала болтурбоодо турат. Мамлекеттин функциялары ар дайым токтоосуз жана тыныгуусуз камсыз кылынышы керек.

Мыйзам чыгаруу органынын мандатын өзүндө сактоо менен, Жогорку Кеңеш пролонгация мезгилинде өз ишмердигинде акылдуу сабырдуулук принбин жетекчиликке алууга милдеттүү. Башка сөздөр менен айтканда, Жогорку Кеңеш өзгөчө зарылдык менен шартталган жана кечиктирилбес мүнөзгө ээ болгон чечимдерди кабыл ала алат, башкача айтканда, өлкөдөгү социалдык саясий кырдаалды турукташтырууга, ар түрдүү кризистерди жана социалдык кыйындыктарды жеңүүгө, укук тартибин, мамлекеттин жана калктын коопсуздугун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишмердүүлүгүн камсыз кылууга, ошондой эле бийликти бөлүштүрүү принцибинин натыйжалуу иштөөсүн колдоого багытталган.

Конституциялык реформаны өткөрүү зарылдыгы сыяктуу талашылып жаткан конституциялык Мыйзамды кабыл алуунун негизи арызданууучулардын тынчсызданууусуна алып келүүдө, анткени Жогорку Кеңештин иштеп жаткан чакырылышынын ага катышуусу Конституцияга болгон болжолдуу конституциялык өзгөртүүлөрдүн легитимдүүлүгүндө алдын ала күмөндүүлүктү туудурат.

Конституциялык палата, Конституциянын туруктуулугу принцибин сактоонун өзгөчө маанилүүлүгүн баса белгилөө менен, талашылып жаткан конституциялык Мыйзам өзүнүн жөнгө салуу предмети боюнча конституциялык реформанын акты болуп эсептелбейт деп белгилейт. Башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин талашылып жаткан конституциялык Мыйзамдын 1-беренесинде баяндалган ниети конституциялык реформаны өткөрүү тууралуу бүйрууну же өкүмчүл тапшырманы камтыган укуктун өз алдынча ченеми катары бааланышы мүмкүн эмес. Башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы каралып жаткан иштин алкагында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жасай элек иш аракеттеринин укуктуулугуна баа бере албайт, анткени талашылып жаткан конституциялык Мыйзам конституциялык реформаны өткөрүүнүн юридикалык негизи болуп эсептелбейт.

10. Конституциялык палата 2020-жылдын 16-декабрында Жазык процесстик кодексинин 293-беренесинин 5-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти карап чыгып, камакка алуу превентивдүү мүнөздө болуп, айыпталуучуга карата гана колдонулушу мүмкүн деп белгилеген. Бөгөт коюу чарасы катары камакка алуунун маңызы адам анын сотто айыптуулугу жөнүндө маселеси толук чечилмейин эркинен ажыратылуусу болуп саналат. Мында айыпталуучунун тергөөдөн жана соттон жашынуу, иш боюнча сотко акыйкаттыкты аныктоодо, соттун өкүмүн аткарылышын камсыз кылууда тоскоолдук туудуруу мүмкүндүгү бөгөт коюунун негизги максаты болот.

Ошентип, камакка алуу процесстик мажбурлоо чарасы болуп саналат жана жоопкерчиликтин чарасы катары каралышы мүмкүн эмес, анткени ал кылмыш жасоо үчүн эмес, айыпталуучу тарабынан мыйзам бузууларга жол бербөө үчүн колдонулат.

Жазык-процесстик кодекси жазык сот өндүрүшүнүн сотко чейинки жана соттук стадиялары үчүн камакта кармоонун ар кандай мөөнөттөрүн бекитет, ошондуктан мыйзамдарда да мындай кармоонун чектелүү бирдиктүү мөөнөт дагы белгиленген эмес, аны менен катар, соттук стадия үчүн камакта кармоонун максималдуу мөөнөтүн аныктоочу формалдуу чектөөлөр дагы каралган эмес.

Алсак, оор жана өзгөчө оор кылмыштар боюнча жазык иштери боюнча соттук стадияда, сот өндүрүшү каралып жаткан сот, эгерде сот жараянын өз убагында бүтүрүү мүмкүн болбосо жана алдын алуу чарасын өзгөртүүгө же жокко чыгарууга негиз жок болсо, бөгөт коюу чаранын мөөнөтү ар бир жолу 2 (эки) айга чейин узартылышы мүмкүн (Жазык-процесстик кодексинин 293-беренесинин 3, 4-бөлүктөрү).

Конституциялык палата тараптардын айыпталуучуну камакта андан ары кармоо үчүн негиздердин болуусу жөнүндө маселени кеминде 2 айдан кийин сотко даректелген кароого кайрылуу талабы туурасында кайрылуулары болгон күндө да, болбогон күндө да, бул бөгөт коюу чарасынын колдонулушунун мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө соттук контролдоону камсыз кылат, эгер бөгөт коюу чарасынын зарылчылыгы далилденбеген учурда, ал жокко чыгарылат деп белгилеген.

Ошону менен катар, жазык-процесстик кодексинин 293-беренесинин 5-бөлүгүндө өзгөчө учурларда бөгөт коюу чараларын колдонуу мөөнөтүн бир жылдан ашыкка узартуу иш өз өндүрүшүндө турган судьянын жүйөлөнгөн токтому боюнча жүргүзүлөт деп каралган.

Талашылып жаткан ченемдин диспозициясына ылайык мыйзам чыгаруучу судьяга бөгөт коюу чараларын колдонуунун мөөнөтүн бир жылдан ашыкка узартуу жөнүндө маселенин өзгөчө учурларын өз алдынча аныктоону жүктөйт. Анын менен, ушул маселени чечүүдө судьянын чексиз өз карамагында калтыруусу үчүн өбөлгөлөр түзүлөт. Ал эми адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин чөйрөсүнө укуктук жөнгө салуунун мындай ыкмалары менен кийлигишүүгө жол берилбейт.

Инсандын эркиндиги жана кол тийгистиги сыяктуу алсыз чөйрөдөгү укукта укуктук аныктуулук принцибин тоготпостук сот адилеттигинде тутумдаштык бузуулуларга гана алып келбестен, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндө мамлекеттин кадыр-баркына доо келтириши мүмкүн.

Демек, Жазык-процесстик кодексинин 293-беренесинин 5-бөлүгү ачыктык жана тактык берүүчү укуктук аныктык принцибине жооп берүүчү, кеңейтилип чечмелөөнү жана өзүм билемдик менен колдонууну жокко чыгаруучу конкреттүү ченемдүү жоболорду камтыбаган даражада өзүнүн укуктук мааниси боюнча Конституцияга карама-каршы келет. Каралып жаткан маселенин андан ары укуктук жөнгө салынуусу адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин уруксат берилген чектөөлөрдүн бардык шарттарын карманууунун негизинде гана түзүлбөстөн, айыпталуучулардын орунсуз кармалып туруусуна жана акылга сыйган мөөнөттөрдө соттолуу укуктары жөнүндө эл аралык пактылардын талаптарына дагы жооп берүүсү керек.

11. Конституциялык палата 2020-жылдын 23-декабрында КР Жарандык процесстик кодексинин 352-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти карап чыгып, талашылып жаткан ченемди, эгер чыгарылган соттук акты менен ишке катышууга тартылбаган жактардын укуктары же мыйзам менен корголуп жаткан кызыкчылыктары бузулган болсо, аларга кассациялык доо арыз менен кайрылууга укук бербеген бөлүгүндө КР Конституциясына карама-каршы келет деп тааныган.

Конституциялык палата адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерине соттук коргонуу укугу мамлекеттик коргоонун универсалдуу укуктук каражаты болуп саналат, ал бардык башка конституциялык укуктар менен эркиндиктерге карата камсыз кылуучу – калыбына келтирүүчү иш-милдетти аткарат.

Соттук коргонуу анын жеткиликсиздигинде мүмкүн эмес. Мамлекет жарандар үчүн сот адилеттигин формалдуу колдонуусун гана камсыз кылбастан, ушул укуктук каражаттын натыйжалуулугун кепилдеген мыйзам чыгаруу механизмдерин түзүүгө милдеттүү.

Жаңылыш актыны четтетпестен бузулган укуктарды калыбына келтирүү мүмкүн эмес, ал жогору турган инстанцияга даттануу аркылуу ишке ашат.

Чыгарылган соттук акты менен ишке катышууга тартылбаган жактардын укуктары менен кызыкчылыктары бузулган жактар деп талаш-тартыштын тарабы болбогон, бирок анын бүтүмүнө кызыктар болуусу негизделген, чыгарыла турган соттук акт менен укуктары менен кызыкчылыктарынын бузулушу мүмкүн субъектилерди болжойт. Мындай жактардын процесске катышуусунун башкы өзгөчөлүгү алар акыйкатты табууга көмөктөшөт, келечекте болуучу жагымсыз кесепеттерден өзүн коргойт. Айрым учурлардан тышкары, алар процесстин башка тараптары сыяктуу эле укуктарды пайдаланат жана милдеттүү болушат, демек, сот аларды далилдөөнүн тең укуктуу субъектилери деп таануусу керек. Көрсөтүлгөн жактардын пикирин жана далилдерин эске албастан чыгарылган соттук акт негиздүү жана адилеттүү болуп саналышы мүмкүн эмес.

Ишке мурда катышууга тартылбаган жарандардын укуктары менен милдеттери туурасында сот кабыл алган чечимге, талашылып жаткан ченемдин диспозициясына ылайык укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктары бузулган жарандар төмөн турган соттук инстанциялардын мыйзамдуу күчүнө кирген соттук актыларын кассациялык тартипте даттануу укугуна ээ эмес. Бул жагдай Кыргыз Республикасында сот адилеттүүлүгүнө жетишүү деңгээлин кыйла төмөндөтөт.

Эгер ишке катышууга тартылбаган жактын укуктары менен эркиндиктерин соттук чечим бузган болсо, анын бузулган укуктарын калыбына келтирүү үчүн сот процессинин түздөн-түз катышуучула-

ры менен бирдей укуктук каражаттарга ээ болууга тийиш.

Баяндалганды эске алуу менен, Конституциялык палата Жарандык процесстик кодексинин 352-беренесинин 1-бөлүгү ишке катышууга тартылбаган жактардын соттук актыга кассациялык даттануу берүүгө укуктуулардын тизмесинен алып салуу менен, сотко кайрылууда кызыктар субъектилердин процесстик укуктарына чектөө жана өлчөмсүз айырмачылыкты киргизет деген тыянакка келди.

Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун сереби

Жалпысынан, Конституциялык палата түзүлгөн учурдан тартып (2013-ж.) жана 2020-жылдын 31-декабрындагы абалга карата бардыгы болуп 108 чечим жана 1 корутунду кабыл алынган, анын ичинен:

- ченемдик укуктук актыларды Конституцияга карама-каршы келбейт деп тануу жөнүндө – 71 чечим;
- ченемдик укуктук актыларды толугу менен же жарым-жартылай Конституцияга карама-каршы келет деп таануу жөнүндө – 37 чечим.

Конституциялык палата жыл сайын өзүнүн ишмердигинин жыйынтыктарын чыгарып жатып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктун жетекчиликке алып, өзү кабыл алган актылардын аткарылуусун анализ кылат. Актылары Конституциялык палатанын кароо предмети болгон ченем жаратуучу органдар берген маалыматтын анализи боюнча Конституциялык палатанын чечимдеринен келип чыккан 56 тапшырмадан Конституциялык палатанын 16 чечими аткарылбай турат.

1. Конституциялык палата 2015-жылдын 14-сентябрындагы чечими менен «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 2-бөлүгүнүн 2-пунктунун, 3-беренесинин 3-абзацынын, 4-беренесинин 1, 2-пункттарынын, 5-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн, 6-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнүн, 7-берене;

2. Конституциялык палата 2015-жылдын 27-ноябрындагы чечими менен шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде Кыргыз Республикасынын жарандары, саясий партиялар каржылоону талап кылган шайлоо алдындагы үгүт иштерин талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар менен макулдашуу боюнча гана, алардын шайлоо фонддору аркылуу жүргүзүүгө укуктуу деп белгилеген «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 11-бөлүгүнүн ченемдик жобосу;

3. Конституциялык палата 2016-жылдын 27-январындагы чечими менен «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Мыйзамдын оор жана өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн соттуулугу бар, соттуулугу жоюлганына же алып салынганына карабастан Кыргыз Республикасынын жараны аким боло албайт деген 14-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацынын;

4. Конституциялык палата 2016-жылдын 2-ноябрында «Уюшкан кылмыштуулукка каршы аракет жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 21-беренесинин 3, 5, 7-бөлүктөрүн, 22-беренесинин 1-5-пункттарынын;

5. Конституциялык палата 2018-жылдын 1-ноябрында «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин, 17-беренесинин 4-пунктунун;

6. Конституциялык палата 2019-жылдын 01-февралында «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинин 3-бөлүгүнүн үчүнчү абзацы-

нын, 17-беренесинин 2-бөлүгүнүн;

7. Конституциялык палата 2019-жылдын 13-февралында Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин юридикалык жакты чет өлкөлүк юридикалык жактарга каратуунун белгилерин аныктаган 1-беренесинин 11-пунктунун «б», «в» жана «г» пунктчаларынын;

8. Конституциялык палата 2019-жылдын 17-апрелинде «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамдын 19-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пунктунун;

9. Конституциялык палата 2019-жылдын 24-апрелинде Жогорку соттун сунуштамасына байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренисинин 1-бөлүгүнүн 35-пунктунун;

10. Конституциялык палата 2019-жылдын 24-октябрында «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Мыйзамынын 1-беренесинин 8-пунктунун «б» пунктчасынын жана 2-беренесинин.

Эскертүү: Бул маалыматтын биринчи бөлүмүндө 6 аткарылбаган чечим көрсөтүлгөн.

КП чечими

108 чечим

56 чечимдин ичинен мыйзамдарга өзгөртүрлөрдү киргизүү келип чыгат

16 чечим аткарылган эмес

СОТ АДИЛЕТТИГИНИН ЖОГОРКУ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ

Буга чейинки докладдарыбызда да көрсөтүп келгендей, ИДЛО/ЮСАИД программасы менен ишке ашырылып жаткан Кыргыз Республикасында соттук тутумду бекемдөө боюнча Программасынын колдоосу менен Электрондук документ жүгүртүү тутуму (ЭДТ) ишке киргизилип, колдонулууда, ЭДТ иш жүргүзүүнү толугу менен автоматташтырууга мүмкүнчүлүк түздү.

ЭДТнын негизги максаты электрондук документтерди түзүү жана аны алып баруу, кайрылуулар менен иштөөнүн натыйжалуулугун арттыруу, сапатын, маалыматтын толуктугун жана ишмердүүлүгүн жакшыртуу, документтердин жоголушун жокко чыгаруу ж.б. болуп саналат.

Документтердин электрондук версиялары каттоодон тутумга киргизилет, бул документтердин өз убагында аткарылышына контролдоону жүргүзүүгө жардам берет.

ЭДТ судьялар менен кызматкерлердин жүктөмүн көзөмөлгө алууга жардам кылууда, бул резолюцияны коюуда зарыл болот. Документтин аткаруучусу резолюциянын коюлушу жана документтин аткаруу мөөнөтү тууралуу билдирме алат.

Ар бир пайдалануучу үчүн учурдагы жумушу тууралуу маалыматты камтыган «Жумушчу кабинет» түзүлгөн.

ЭДТ анализди өткөрүү үчүн Конституциялык палатага келип түшкөн кайрылуулар боюнча статистикалык эсеп-кысапты чыгарууда кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берүүдө.

Издөөчүнүн мүмкүнчүлүктөрү каалаган документти кыска мөөнөт ичинде табууга жардам берет.



Кайрылуунун субъектисине жараша жеке жана юридикалык жактардын кайрылуулары өтүнүчтөр, судьялардын суроо-талап жана кызмат адамдарынын, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн сунуштама түрүндө судьялар коллегия курамында каралууга тийиш. Судьялар коллегиясынын аныктамалары даттануу формасында даттанылышы мүмкүн (1-Диаграмма).

Конституциялык палатага келип түшкөн кайрылуулардын көбүн жарандар жана юридикалык жактар берген өтүнүчтөр түзөт.

2020-жылы Конституциялык палатага жарандардын жана уюмдардын 156 кайрылуусу келип түшкөн, анын ичинен 66 кайрылуулар конституциялык сот өндүрүшүнүн предмети болгон.

Конституциялык сот өндүрүшүнүн процесси

Конституциялык палатага келип түшкөн кайрылуулар милдеттүү түрдө алардын келип түшкөн күнү катталууга жатат

Конституциялык палатанын төрагасы Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын кайрылуусун өткөрүп берет

Соттук коллегия 30 күндүн ичинде өндүрүшкө даттанууну кабыл алууну же даттануусун кабыл алуудан баш тартууну чечет

Кайрылууну кабыл алуудан баш тартуу же кабыл алуу тууралуу аныктама даттанылышы мүмкүн. Кароонун жыйынтыгы боюнча Конституциялык палата токтом кабыл алат

Кабыл алынган кайрылуу өндүрүшкө кабыл алынган күндөн тартып 5 айдын ичинде каралат. Бул мөөнөт Конституциялык палатанын төрагасынын чечими менен бир айга узартылышы мүмкүн.

Конституциялык палата жыйындын катышуучуларына жазуу түрүн дө кабарлайт, КП имаратындагы стендге жана расмий сайтка он күн мурда жайгаштырат

Кайрылуу ачык сот отурумунда каралууга тийиш

2020 -жылы Конституциялык палатага 66 кайрылуу келип түшкөн, алар конституциялык өндүрүштүн предметине болгон.

Диаграмма 2. конституциялык сот өндүрүшүнүн кайрылууларынын түрлөрү

66 кайрылуулар **9 даттануу**

Кайрылуулардын мазмуну/кароонун жыйынтыктары

2020-жыл ичинде:

- кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө судьялар коллегиясынын 14 аныктамасы
- кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын 43 аныктамасы кабыл алынган
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасынын 11 чечими
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасынын 6 токтому

Диаграмма 3. Кайрылууларды кароонун жыйынтыгы



4 Диаграмма. Кайрылуу субъектилери

45 жарандар **12 юридикалык жактар**

5 Диаграмма. Кайрылуулардын гендердик белгиси

9 **35**

6 Диаграмма. Кайрылуулардын аймактык курамы

Төмөнкү ченемдик укуктук актыларга байланыштуу Конституциялык палатага түшкөн кайрылуулар:

- конституциялык мыйзамдар - 8
- кодекстер – 29
- мыйзамдар – 19
- Президенттин жарлыктары – 2
- Өкмөттүн токтомдору – 5
- Улуттук банктын токтомдору – 1
- башка мамлекеттик органдардын актылары – 2

Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун себептери

Эгер жаран Конституцияда таанылган укуктары жана эркиндиктери мыйзамдар же башка ченемдик укуктук актылар менен бузулуп жатат деп эсептесе, Конституция ага Конституциялык палатага кайрылуу укугун бекитип берген.

Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамалары боюнча кайрылуулардын анализи көрсөткөндөй, көбүнесе, баш тартуунун себеби кайрылуунун мазмунуна карата мыйзамдын талаптарынын бузулуусу болуп саналат. Алар:

- кайрылуучунун койгон маселеси боюнча укуктук көз карашынын жана Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасалган укуктук негизмесинин жоктугу;
- мыйзам, башка ченемдик укуктук акт, Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек ченемдик укуктук акт же Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоору Конституцияга ылайык келүүдө күмөндүүлүктүн пайда болуусу кайрылууну кароо үчүн негиз болуп саналат.



«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзам (28-берене) кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө же болбосо аны кабыл алуу тууралуу аныктама тараптар тарабынан Конституциялык палатага даттанылуу мүмкүндүгүн дагы карайт. 2020-жылы 6 аныктама даттанылган.

ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК

2020-жылдын 5-6-мартында Конституциялык палатанын төрагасынын орун басары Э.Ж. Осконбаев Самаркандда өткөн судьялардын экинчи Борбордук-Азиялык диалогунда ишине катышты.

Бул платформа пикирди эркин билдирүүгө жана ММКга, ошондой эле улуттук коопсуздукту коргоо, террорчулукка каршы күрөшүү жана азчылыктарды коргоо максатында салынуучу чектөөлөргө тийиштүү иштерди кароодо улуттук судьялардын чечүүчү ролун колдоого чакырылган.



Судьялардын экинчи Борбордук-Азиялык диалогунда күч колдонгон экстремизмге жана радикализацияга каршы аракеттерди жүргүзүү боюнча акыркы мыйзам чыгаруучулук тенденцияларды, этнос аралык чагымчылыкка жана диний чогоолдукка, ошондой эле жалаа жабуу жана кемсинтүүгө каршы укуктук чараларды карап чыгуу пландаштырылууда. Уюштуруучулардын пикири боюнча ушул тематиканы тандоонун негизги себеби болуп жаңылыктар онлайн-ресурстарында жана социалдык тармактарда кемсинтүүчү, мыйзамсыз контенти жөнүндө иштерди байма-бай каралышы келип чыккан.

Эскерте кетсек, судьялардын биринчи жолугушуусу Бишкек шаарында 2018-жылдын 19-декабрында болуп өткөн, ал жерден улуттук судьялар өңчөй иштердин кароо тажрыйбасы жана практикасы менен алмашкан.

COVID-19 коронавирус пандемиясына байланыштуу кырдаалга жана киргизилген өзгөчө кырдаалдарга жана өзгөчө кырдаалдарга байланыштуу кезектеги эл аралык конференциялар онлайн режиминде өттү.

2020- жылдын 24-апрелинде Конституциялык палатанын төрагасы К. Дуйшеев Казахстан Республикасында президенттин институтунун негизделгенинин 30-жылдыгына арналган Эл аралык илимий-практикалык онлайн-конференцияга катышты.

Иш-чарага Казахстандын мамлекеттик түзүмдөрүнүн жетекчилери, Укук аркылуу демократия үчүн Европалык комиссиянын, чет өлкө мамлекеттеринин конституциялык контролдоо органдарынын, ошондой эле илимий коомчулуктун өкүлдөрү катышты.

Конференциянын жүрүшүндө мамлекеттик башкаруунун президенттик формасынын конституциялык негиздери жана саясий тажрыйбасы талкууланды.

2020- жылдын 25-июнунда Конституциялык палатанын судьясы М.Р. Бобукеева жана Конституциялык палатанын Аппаратынын эксперттик-аналитикалык бөлүмүнүн башчысы К.Д. Алыбаев адам укуктары боюнча немис институту уюштурган «Европада укуктун улуктугун камсыз кылуу» онлайн-конференциясына катышышты.

Аталган иш-чарага Германиянын, Польшанын конституциялык контролдоо органынын жана Жогорку сотунун судьялары жана экс-судьялары, адам укуктары боюнча немис институтунун, Макс Планк атындагы салыштырма коомдук укук жана эл аралык укук институтунун жетекчилери, академиялык коомчулуктун ж.б. өкүлдөрү катышты.

Конференциянын жүрүшүндө сот бийлик бутагынын көз карандысыздыгын бекемдөө аркылуу Европа биримдигинде укуктун үстөмдүгүн камсыз кылуунун өзөктүү маселелери талкууланган.

Ошол эле күнү Конституциялык палатанын төрагасы К. Дүйшеев Укук аркылуу демократия үчүн Европа комиссиясынын 30-жылдыгына жана Украина Конституциясынын 24жылдыгына арналган онлайн-конференцияга катышты.

Конференциянын тематикасы конституциялык сот өндүрүшүндө чечмелөө көйгөйлөрүн чечүү маселелеринде Венециялык комиссиянын жана конституциялык контролдоо органдарынын өз ара жетишкендиктерине арналган.

Конституциялык палатанын төрагасы К. Дуйшеев онлайн-конференциянын үчүнчү сессиясында сүйлөдү жана каралып жаткан маселе боюнча Конституциялык палатанын тажрыйбасынан бөлүштү.

Конституциялык палатанын төрагасы Конституцияны чечмелөөнүн башкы субъекти катары конституциялык контролдоо органынын өзүнүн тажрыйбасына таянып келүүсү абдан маанилүү экендигин белгилеп кетти, болбосо, ал соттун башка атаандаш укуктук көз караштардын пайда болуусуна алып келиши мүмкүн деген оюн билдирди.

Жалпы жонунан, Конституциялык палатанын төрагасы К. Дуйшеевдин айтуусу боюнча конституциялык контролдоо органынын улуттук укуктук тутумда конституциялык баалуулуктарды бекемдөө аркылуу акт жаратуу чеберчилиги катары чечмелөө өлкөнүн саясий-укуктук режимин демократиялаштырууда айрыкча мааниге ээ.

2020- жылдын 26-27-август күндөрү «XXI кылымдын Конституциясы – укуктун улуктугу, адамдын баалуулугу жана мамлекеттин таасирлүүлүгү» Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттарынын ассоциациясынын (андан ары - Ассоциация) IV конгресси онлайн тартипте өттү.

Конгресстин отуруму Казахстан Республикасынын Конституциялык кеңешинин төрагасы К.Мами төрагалыгы алдында болуп өттү, анткени ушул өлкөнүн конституциялык контролдоо органы 2019-2021-жылдарга Ассоциациянын төрагасы болуп шайланган.

Конституциялык палатанын төрагасы К. Дуйшеев биринчи сессиянын ишинде тематикалык баяндама жасады жана Ассоциация мүчөлөрүнүн чечими менен Конгресстин экинчи сессиясынын жумушун алып барды.

К. Дуйшеев өзүнүн баяндамасында COVID-19га байланыштуу 2020-жылы дүйнөдөгү болуп өткөн окуялар кандайдыр бир чектөөлөрдү киргизилүүдө негизги укуктардын жана эркиндиктердин корголушун камсыз кылуунун такыр жаңы милдеттерин конституциялык контролдоо органдарынын алдына койду. Анын пикири боюнча конституциялык контролдоо улуттук укуктук тутумдарда укуктун улуктугунун принцибин бекемдөөнүн жана бекитүүнүн натыйжалуу каражаттарынын бири бойдон кала берет.

Ассоциация мүчөлөрү Конгресстин жүрүшүндө Ассоциациянын Уставына санарип технологияларды колдонуу менен протоколдук иш-чараларды өткөрүүнүн тартибин караштырган түзөтүүлөрдү киргизүү жөнүндө чечимди кабыл алышты. Ошону менен бирге, Бангладеш Жогорку соту бир добуштан уюмдун курамына он тогузунчу мүчө болуп кирди.

Иш-чаранын катышуучулары Ассоциациянын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишмердиги жөнүндө маалымат алышты, алар: Пландаштыруу жана координациялоо боюнча Катчылык (Индонезия), Илимий

изилдөөлөр жана өнүгүү боюнча Катчылык (Корея) жана Окутуу жана адам ресурстарын өнүктүрүү борбору (Туркия).

Конгресстин жөрөлгөлүү иш-чарасы болуп Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттарынын ассоциациясы жана Конституциялык контролдоо органдарынын Евразиялык ассоциациясы ортосунда соттук-укуктук маселелер боюнча өз ара макулдашуу жөнүндө Меморандумга кол коюлду.



Конституциялык палатанын конституциялык контролдоо органдарынын эл аралык бирикмелеринин ишмердигине катышуусу

Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылуу боюнча маанилүү милдетин аткарууда Конституциялык палата жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн өңчөй конституциялык контроль органдары жана эквиваленттүү институттары, ошондой эле башка укуктук институттар жана эл аралык уюмдар менен эки жана көп тараптуу кызматташтыкты орнотуу жана чыңдоого өзгөчө көңүлүн бурат. Конституциялык палатанын эл аралык конституциялык сот адилеттүүлүк тутумуна интеграцияланышы анын стратегиялык максаттарынын бири болуп саналат.

Ушуга байланыштуу, Конституциялык палата чет өлкөлөрдүн көптөгөн соттук конституциялык контроль органдары менен тыгыз байланышты үзбөйт. Башка өлкөлөрдүн конституциялык контроль органдары менен кеңири өз ара аракеттешүү Кыргыз Республикасында конституциялык сот адилеттүүлүгүн мындан да натыйжалуу жүргүзүү үчүн тажрыйба алууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай өз ара аракеттешүү Конституциялык палатанын конституциялык соттордун эл аралык бирикмелеринин ишине катышуусу, эки тараптуу иш-сапарларды уюштуруу жана ар кандай эл аралык көп тараптуу кезигишүүлөргө катышуу аркылуу жетилет.

Эки тараптуу кызматташууну тереңдетүү жана тажрыйба алмашууну кеңейтүү үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы менен Түрк Республикасынын, Молдова Республикасынын, Азербайджан Республикасынын, Таджикистан Республикасынын жана Россия Федерациясынын Конституциялык сотторунун ортосунда Кызматташтык жөнүнүндө Меморандум түзүлгөн.

Конституциялык палатанын эл аралык мамилелерин жөнгө салуу жана өнүктүрүүдө маанилүү этап болуп Европа Кеңешинин Укук аркылуу демократия үчүн Европа комиссиясы (Венециялык комиссия) менен кызматташуу саналат. Бул уюм менен кызматташуу демократияны чыңдоо, адамдын укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо, конституциялык сот адилеттүүлүгүнүн баалуулуктарын жана принциптерин илгерилетүү менен алектенген башка укуктук институттар менен байланыштын кеңейишине түрткү берди. Венециялык комиссиянын сунуштары жана консультациялык-эксперттик жардамы конституциялык контроль органынын орношунда, Кыргыз Республикасында укуктук мамлекеттин жана конституционализмдин өнүгүүсүн жүргүзүүдө иш жүзүндө колдонулду. Конституциялык палатанын чечимдери Венециялык комиссия басып чыгарган Конституциялык сот адилеттүүлүгүн бюллетенинде жана конституциялык соттор – мүчөлөрдүн эң маанилүү чечимдери чогултулган CODICES электрондук маалыматтар базасында жайгаштырылат.

Кыргыз Республикасы 1997-жылдан тартып Жаңы демократия мамлекеттеринин конституциялык контроль органдарынын Конференциясынын мүчөсү болуп саналат. Конституциялык палата 2014-жылдын 19-январынан баштап Конституциялык сот адилеттүүлүгү боюнча дүйнөлүк Конференциянын жана 2015-жылдын 14-августунан баштап Азиялык Конституциялык соттордун жана эквиваленттүү институттар Ассоциациясынын мүчөсү болуп келет. Конституциялык палатанын өкүлдөрү жогоруда аталган эл аралык уюмдардын линиясы боюнча уюштурулган эл аралык иш чараларга дайыма катышып турат.

Аталган уюмдардын толук кандуу мүчөсү статусу Конституциялык палатага мүчө-өлкөлөрдүн конституциялык контроль органдары менен кеңири өз ара аракеттешүүгө, конституциялык сот адилеттүүлүгүн жүзөгө ашыруу, ошондой эле адамдын жана жарандын негизги укуктары менен эркиндиктерин коргоо маселелери боюнча билим жана тажрыйба менен алмашууга мүмкүнчүлүк берет.

Андан тышкары, Европа Бирлиги (ЕС), Эл аралык кызматташтык боюнча Германиялык коом (GIZ), Эл аралык кызматташтык боюнча Америкалык агенттик (ЮСАИД), БУУнун өнүктүрүү Программасы (ПРООН) сыяктуу эл аралык уюмдар менен тыгыз байланыш орнотулган.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ИШИНИН АЧЫКТЫГЫ ЖАНА АЙКЫНДУУЛУГУ

Жарчы

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамынын 56-беренесине ылайык Конституциялык палатанын расмий басылмасы болуп «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысы» (андан ары – Конституциялык палатанын Жарчысы) саналат. Белгиленген конституциялык Мыйзамдын 52-беренесинин жоболоруна ылайык жыйынтыктоочу актылар Конституциялык палатанын Жарчысында жарыялануууга тийиш.

Конституциялык палатанын Жарчысы кабыл алынган чечимдер жөнүндө коомчулукка маалымат берүү максатында жылыга жарыяланып турат. Андан тышкары, Конституциялык палатанын Жарчысында укук маселелери судьялардын жана илимий ишмерлердин илимий макалалары жарыялоого тажрыйбага айлануууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын расмий сайты

Конституциялык палатанын чечимдери жана корутундулары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысы болгон расмий басылмасында жана http://www.constsot.kg расмий сайтында жарыяланат.



Андан тышкары, сайтта Конституциялык палатанын маалыматын жаңыртуу жана ишмердигин жарыялоо боюнча иш такай жүргүзүлүп турат.

Сайт өзүнө төмөнкүдөй бөлүмдөрдү камтыйт:

- «Конституциялык палата жөнүндө» - конституциялык контролдоо органынын ишмердиги жөнүндө маалымат берилген;
- «Кайрылуулар» - Конституциялык палатага кабыл алган кайрылуулар жана кайрылуу тартиби жөнүндө маалымат баяндалган;
- «Отурумдар» - отурумдар календары, отурумдарды жүрүм-турум эрежелери жөнүндө маалымат жана отурумдарды видеожазуулары жайгаштырылган;
- «Актылар» - КПнын чечимдери жана корутундулары жайгаштырылган;
- «Конституциялык мыйзамдуулукту камсыз кылуу» - ар бир жылдын жыйынтыгы боюнча конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жана такай жаңыртылып турган чечимдердин аткарылуу себеби жөнүндө маалымат жарыяланып турат;
- «Жарчы» - «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысынын» бардык басылмалары жайгаштырылган (2013-2020-жылдар ичиндеги I-X чыгарылыштар);
- «Жылдык доклад» - 2013-2020-жылдар ичиндеги Конституциялык палатанын докладдары жайгаштырылган.

Андан тышкары, Конституциялык палатанын сайтында жаңылыктар лентасы, фото жана видеогалереялар жайгаштырылган, анын ичинде "КР ЖС КП менен кантип байланышса болот" деген көргөзмө видео гид бар.



Конституциялык палатанын Маалымат порталы

Маалымат порталы Конституциялык палатанын судьялары жана Аппаратын кызматкерлери зарыл маалыматты издөөдө алардын жумушун жеңилдетип, кызматтык пайдалануу үчүн арналган тиешелүү материалдарды камтыйт, жана пайдалануучу көрсөткөн фильтрлердин, ачкыч сөздөрдүн жана башка издөө параметрлери менен зарыл маалыматты издөөгө багытталган.



КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ

Конституциялык палата тарабынан Кыргыз Республикасынын Конституциясынын күнүнө карата ар жылы өткөрүлүүчү иш-чаралар алкагында Конституциялык палатанын:

- Эссе республикалык конкурс
- Ачык эшиктер күнү
- Конок лекциялары
- Конституциялык палатанын конституционализм мектептер

Бирок, COVID-19 коронавирус пандемиясын жана буга байланыштуу киргизилген чектөөлөрдү эске алуу менен, бул иш-чаралар жокко чыгарылууга аргасыз болду.

Ошол эле учурда, 2020 -жылдын 30 -июнунда, Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун сотторунун судьялары үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот адилеттигинин Жогорку Мектебинде техникалык колдоосу менен конституциялык өндүрүш боюнча семинар уюштурулду жана өткөрүлдү. КФ "Адилет" укуктук клиникасы.

2020 -жылдын 10 -июлунда өлкөдөгү эпидемиологиялык абалды эске алуу менен, онлайн режиминде Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын өкүлдөрү үчүн Конституционализмдин жайкы мектеби өткөрүлдү.

Конституциялык палатанын корреспонденциясы

Конституциялык палатанын дарегине төмөнкүдөй кайрылуулар келип түшөт:

- судьялардын изилдөөсүн талап кылган;
- судьялардын изилдөөсүн талап кылбаган.

Ошентип, судьялардын изилдөөсүн талап кылбаган кайрылуулар Конституциялык палатанын Аппараты тарабынан каралат жана «Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын алкагында чечилет.

2020-жылы жарандардан жана юридикалык жактардан судьялардын изилдөөсүн талап кылбаган 62 кайрылуу келип түшкөн.

КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАНЫН ДАРАМЕТИН КҮЧӨТҮҮ

Конституциялык палатанын Аппаратына Конституциялык палатаны кадрдык, уюштуруучулук, илимий -аналитикалык, маалыматтык -маалымдама, материалдык -техникалык жана башка жактан камсыз кылуу ишенип берилген; конституциялык өндүрүшкө тиешеси жок маселелер боюнча келгендерди кабыл алуу; Конституциялык палатанын дарегине кайрылууларды алдын ала кароо жана алар Конституциялык палатанын судьяларынын изилдөөсүн талап кылган маселелерге тийбеген учурларда.

Буга байланыштуу Конституциялык палатанын аппаратынын эффективдүү иштешин камсыз кылуу максатында кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу үчүн белгилүү шарттар түзүлгөн.

Конституциялык палатанын Аппараты

2020-жылдын 7-8-сентябрында Азиялык Ассоциациянын Окутуу жана Адам өнүктүрүү боюнча Катчылыгы тарабынан уюштурулган "Ден соолукка байланыштуу өзгөчө кырдаалдарда адам укуктары менен эркиндиктеринин чектелиши: Ковид-19 мисалында" онлайн видео конференциясы болуп өттү. Эксперттик-аналитикалык бөлүмдүн кызматкерлери Шергазиев Чынгыз жана Алкожоева Бегимай катышкан Конституциялык Соттор жана Эквиваленттүү Институттар (ААКСтын алкагында Түркиянын Конституциялык Соту тарабынан уюштурулган).

2020 -жылдын 23 -сентябрынан 25 -сентябрына чейин Эксперттик -аналитикалык бөлүмдүн кызматкерлери Алыбаев Кубанычбек жана Арыкова Бактыгүл "Сөз эркиндиги: ААКS мүчөлөрүнүн тажрыйбасы" деген темада 2 -онлайн изилдөө конференциясына катышышты (Иш -чараны кореялык уюштурган ААКStин алкагында Конституциялык Сот).

2020-жылдын 6-ноябрында, «Кыргыз Республикасындагы мыйзамдын үстөмдүүлүгүнүн – 2-чи фазасы» программасынын негизги адиси Александру Тэнасе Конституциялык палатанын Аппарат кызматкерлерине «Жогорку сапаттагы соттук жүйөө ырааттуулуктун негизги элементи жана конституциялык сот практикасынын туруктуулугу» деген темада тренинг өткөрдү.

Андан тышкары, Александру Тэнасе мырза Конституциялык палатанын Аппаратынын кызматкерлери үчүн “Конституциялык сот өндүрүшүндө арыздардын кабыл алынышы” темасында онлайн окутуу курсун өткөрдү.



Ошондой эле, 2020-жылдын 25-декабрында, Конституциялык палатанын Аппаратынын кызматкерлери Европа Биримдигинин "Мыйзамдуулуктун Программасы" долбоорунун колдоосу менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан уюштурулган ченем жаратуу ишмердүүлүгү боюнча онлайн-тренингге катышты. Кыргыз Республикасында - 2 -этап ".

Кайрылуунун субъектилери	Кайрылуулардын саны	Кароо стадиясында турат (30 ж.к.)	Кайтарылды	Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылды	КР ЖС КП актыларына түшүндүрмө берилди	14 өндүрүшкө кабыл алынган, алардын ичинен					Анын ичинде бириктирилген иштер	Анын ичинен айрым талаптар аныкталды	Судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылды					
						Кабыл алынган чечимдер, корутундулар	Өндүрүштө турат (5 ай)	Кыскартылды	Токтотулду	Кароосуз калтырылды			Даттануулардын саны	Кароо стадиясында	Тиешелуу чечим кабыл алынганга чейин арызданууну өзү кайтарып алды решения	Чыккан токтомдор		Кароосуз кайтаруу
																Өндүрүшкө кабыл алынды	Өндүрүшкө кабыл алуудан баш	
Жеке жактар	45	5		30		3	8		1		6		7	2			5	
Юридикалык жактар	12	1		7		1	3		1		4		1				1	
КР Жогорку Кеңеши													1	1				
КР Жогорку Кеңешинин фракциясы (фракциялары)																		
КР Президенти																		
КР Өкмөтү																		
КР Премьер-министри																		
Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары																		
КР Башкы прокурору																		
КР Акыйкатчысы (Омбудсмени)																		
КР судьясы (судьялары)																		
Бардыгы	**57**	**6**		**37**		**2**	**8**		**1**		**6**		**9**	**3**			**6**	

Кайрылуулардын субъектилери боюнча маалыматтар		
№ т/б	Кайрылуу субъектилери	Жалпы саны
1	КР Акыйкатчысы (Омбудсмени)	
2	КР Башкы прокурору	
3	КР Жогорку Кеңеши	
4	Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары	
5	КР Өкмөтү	
6	КР Президенти	
7	КР Премьер-министри	
8	КР судьясы (судьялары)	
9	Жеке жактар (жамааттык кайрылуулар)	8
10	Жеке жак	44
11	КР Жогорку кеңешинин фракциясы (фракциялары)	
12	Юридикалык жактар	
13	Юридикалык жак	14
	БАРДЫГЫ	**66**

Кайрылуулардын предмети боюнча маалыматтар		
№ т/б	Кайрылуулардын предмети	Жалпы саны
1	Конституциялык мыйзамдар	8
2	Кодекстер	29
3	Мыйзамдар	19
4	Президенттин жарлыктары	2
5	Өкмөттүн токтомдору	5
6	Улуттук банктын токтомдору	1
7	Башка мамлекеттик органдардын актылары	2
	БАРДЫГЫ	**64**

Кайрылуулардын аймактыгы боюнча маалыматтар		
№ т/б	Аймактар	Жалпы саны
1.	Бишкек шаары	43
2.	Ош областы	6
3.	Баткен областы	1
4.	Жалал-Абад областы	7
5.	Ысык-Көл областы	1
6.	Нарын областы	1
7.	Талас областы	
8.	Чүй областы	7
	БАРДЫГЫ	**66**

Кайрылуулардын гендердик белгиси боюнча маалыматтар				
Арызданууучунун түрү	Кайрылуулардын саны	Кайрылуучулардын саны	Алардын ичинен	
			эркектер	аялдар
Жеке жак (жарандар)	44	44	35	9
Жеке жактар (жамааттык кайрылуулар)	8	19	11	8
Бардыгы	**52**	**63**	**46**	**17**